*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 10-октябры

## Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-сентябрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-сентябры 2017[1] январь-сентябрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-сентябры 2016 январь-сентябрына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 368352,4 | 101,2 | 104,3 | -3,1 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 335947,7 | 102,4 | 102,8 | -0,4 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 167981,6 | 95,3[2] | 120,8[2] | -25,5 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 107627,6 | 101,6[2] | 123,2[2] | -21,6 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 11457,0 | 63,3[2] | 194,4[2] | -131,1 |
| Иштетүү өндүрүшү | 128555,8 | 97,3[2] | 117,1[2] | -19,8 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 26002,5 | 102,2[2] | 112,3[2] | -10,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1966,3 | 133,0[2] | 106,1[2] | +26,9 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 160724,0 | 102,4 | 102,0 | +0,4 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 83839,5 | 105,4 | 98,7 | +6,7 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 82901,2 | 107,2 | 96,8 | +10,4 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-сентябры 2017[1] январь-сентябрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-сентябры 2016 январь-сентябрына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 337710,9 | 105,6 | 105,0 | +0,6 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 179766,8 | 103,8 | 105,1 | -1,3 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 14985,3 | 107,0 | 107,4 | -0,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 23317,6 | 104,1 | 101,8 | +2,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 537,7 | 103,2 | 103,7 | -0,5 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 518,0 | 101,2 | 104,5 | -3,3 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 17116,3 | 92,3 | 75,9 | +16,4 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,9 | 103,0 | -1,1 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 98,9 | | | |
| - 2017-ж. сентябрына карата | 101,2 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 68,5 | 109,1 | 111,7 | -2,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15793 | 106,7 | 106,5 | +0,2 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 4276,8 | 109,5 | 112,1 | -2,6 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1481,5 | 96,5 | 113,8 | -17,3 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1037,5 | 95,1 | 122,7 | -27,6 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 387,5 | 105,2 | 120,4 | -15,2 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 3239,3 | 115,0 | 108,5 | +6,5 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1094,0 | 93,8 | 111,4 | -17,6 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-августу (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-августу (алдын-ала маалыматтар боюнча).

## Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-сентябрындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр

**Ички дүң продукт.** Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында ички дүң продуктунун көлөмү 368,4 млрд. сомду түздү жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,2 пайызга жогорулады. ИДПнын түзүмүндө эң жогорку үлүш кызмат көрсөтүү тармагына туура келди, ал анын жалпы көлөмүнүн 45 пайыздан көбүн, өнөр жай - 19 пайызды, айыл чарба - 13,5 пайызды жана курулуш 7 пайызды түздү. «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, ИДПнын көлөмү 2018-жылдын. январь-сентябрында 336,0 миллиард сомду түздү жана 2,4 пайызга өстү.

**Өнөр жай.** 2018-жылдын январь-сентябрында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,7 пайызга төмөндөшү металл рудаларын казуунун - 65,9 пайызга, ошондой эле баалуу металлдарды өндүрүүнүн 8,9 пайызга кыскарышынын эсебинен шартталды.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, өндүрүштүн көлөмү 1,6 пайызга өстү. Муну менен бирге өсүү мунайзат продуктуларын өндүрүү (28,7 пайызга), текстиль өндүрүшү (28,4 пайызга), кийим өндүрүү (21,2 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын, ошондой эле курулуш материалдарын өндүрүү (15,8 пайызга) менен камсыз болду.

Электр энергиясын өндүрүүнүн жана берүүнүн өсүшүнүн эсебинен электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмү 2017-жылдын январь-сентябрындагы деңгээлден 2,2 пайызга жогорулады.

**Айыл чарба.** Айыл чарба азыктарын дүң чыгаруунун көлөмүнүн өткөн жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу өсүшү мал чарбасынын (2,0 пайызга) жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукцияларын (2,9 пайызга) өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн 2017-ж. январь-сентябрына салыштырмалуу өсүшү электр энергия жана газ менен камсыздоо (жабдуу), мейманканалар жана ресторандар, ошондой эле маалымат жана байланыш чөйрөлөрүнүн объекттеринин курулушунан сырткары ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 14,5 пайызга жогорулады, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 15,4 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 80 пайыздан көбү) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия жана газ менен камсыздоо (жабдуу) транспорт ишмердиги жана турак жай курулушунун объекттерин курууга багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2017-ж. январь-сентябрына салыштырмалуу көбөйүшү дүң (10,1 пайызга) жана чекене сооданын (3,8 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

Мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнүн жогорулашы (7,0 пайызга) республиканын бардык региондору тарабынан камсыздалды.

**Эмгек акы.** Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы курулушта (16,2 пайызга), башка тейлөө ишмердиктеринде (15,5 пайызга), маалымат жана байланышта (14,6 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоодо (12,4 пайызга), дүң жана чекене соодада, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоодо (9,8 пайызга), кыймылсыз мүлк операцияларында (9,0 пайызга), ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикте (8,9 пайызга) байкалды. Муну менен катар мейманканалар жана ресторандардын ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканаларда жана уюмдарда эмгек акы 9,4 пайызга төмөндөдү.

**Баалар.** 2018-жылдын сентябрында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 1,1 пайызга төмөндөөсү сакталды. 2018-жылдын январь-сентябрында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары - 5,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарлардын баалары 0,5 пайызга төмөндөдү. Үстүбүздөгү жылдын 9 айынын ичинде картошканын (40,2 пайызга), жаңы бышкан жашылчалардын (30,6 пайызга), гречканын (18,1 пайызга) жана куюлуп сатылган сүттүн (12,7 пайызга), жумуртканын (8,3 пайызга), азык-түлүк эмес товарлардан - катуу отундун (10,4 пайызга), телевизорлордун (10,5 пайызга), майда аспаптардын жана ар кандай көмөкчү жабдыктардын (6,8 пайызга), жаратылыш газынын (2,4 пайызга) жана цементтин (2,2 пайызга) баалары төмөндөдү.

Муну менен бирге үстүбүздөгү жылдын башынан тартып, тамекинин (16,0 пайызга), кызмат көрсөтүүлөрдүн (5,3 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин (2,3 пайызга) бааларынын жана тарифтеринин жогорулагандыгы байкалды.

2018-жылдын сентябрында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу Нарын (1,4 пайызга) жана Ош облустарында (0,3 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулагандыгы байкалды. Башка региондорго салыштырмалуу Нарын облусунда кызмат көрсөтүүлөрдүн (7,0 пайызга), ал эми Ош облусунда - азык-түлүк эмес товарлардын (4,3 пайызга) тарифтери эң көп жогорулады. Үстүбүздөгү жылдын 9 айынын ичинде алкоголдук ичимдиктер жана тамеки Талас облусунда эң көп (9,8 пайызга) кымбаттады.

Муну менен бирге 2018-жылдын январь-сентябрында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары республиканын

бардык региондорунда төмөндөдү, ал эми кызмат көрсөтүүлөрдүн, алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары тескерисинче жогорулады. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып азык-түлүк эмес товарлардын баалары Баткен (3,2 пайызга), Жалал-Абад (2,5 пайызга) жана Талас облустарында (1,4 пайызга), ошондой эле Бишкек ш. (1,3 пайызга) төмөндөдү.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-августунда *экспорттук жөнөтүүлөрдүн* 2017-жылдын январь-августуна салыштырмалуу 4,9 пайызга төмөндөшү алтынды жөнөтүүнүн 25,2 пайызга кыскарышы менен шартталды. Ошону менен бирге ушул мезгил ичинде жөнөтүүлөрдүн жалпы көлөмүндөгү ташылып чыгарыла турган алтындын үлүшү 39,5 пайыздан 31,1 пайызга чейин төмөндөдү.

Муну менен катар пахта буласын жөнөтүүнүн - 2,2 эсеге, кийимдерди жөнөтүүнүн - 1,7 эсеге, кургатылган буурчак жашылчаларын жөнөтүүнүн - 33,7 пайызга, айнек жана андан жасалган буюмдарды жөнөтүүнүн 13,1 пайызга жогорулашы белгиленди.

2018-жылдын январь-августунда 2017-жылдын январь-августуна салыштырмалуу *импорттук келип түшүүлөрдүн* көлөмүнүн 15,0 пайызга жогорулашы кийимдерди ташып кирүүнүн - 2,0 эсеге, жемиштерди жана жаңгактарды ташып кирүүнүн - 1,7 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн - 1,5 эсеге, кара металлды ташып кирүүнүн - 41,4 пайызга, бут кийимдерди ташып кирүүнүн - 36,4 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттарын ташып кирүүнүн - 24,3 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды.

2018-жылдын январь-августунда *республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 1481,5 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-августуна салыштырмалуу 3,5 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге товарлардын экспорту 5,2 пайызга өстү, ал эми импорттук келип түшүүлөр 6,2 пайызга төмөндөдү.

Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң көп үлүшү Россияга (66,5 пайыз) жана Казакстанга (31,8 пайыз) туура келди.

Россияга жөнөтүлгөн товарлардын экспортундагы негизги үлүштү кийимдер (43,8 пайыз), жездин калдыктары жана сыныктары (8,9 пайыз), ал эми Россиянын импортунун негизги үлүшүн мунайзат продуктулары (36,0 пайыз) ээледи.

Казакстанга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын (40,1 пайыз), жылмаланган айнек (5,4 пайыз), ошондой эле нан жана нан азыктарын (4,0 пайыз) жеткирүү басымдуулук кылды. Казакстандын товарларынын импортунда эң жогорку үлүш тамекиге (11,4 пайыз), жылмаланбаган болоттон жасалган прокатка (5,6 пайыз) жана буудайга (4,5 пайыз) туура келди.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**